КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КЕҢ-КОЛ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КЕН-КОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 30-июлу №38** **Көк-Ой айылы**

**Талас шаарынын мэриясынын кайрылуусунун негизинде Жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө**

Талас шаарынын мэриясынын кайрылуусун карап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жыдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" убактылуу жобону жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин жетекчиликке алып Кең-Кол айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кең-Кол айыл аймагындагы №13- чөйрө сызыгынан 2,2 га жерин, №14- чөйрө сызыгынан 0,30га жерин, №36-чөйрө сызыгынан 1,56га жеринен, №37-чөйрө сызыгынан 0,02га жеринен, №39- чөйрө сызыгынан 0,60га жерин №43-чөйрө сызыгынан 1,30га жеринен №44-чөйрө сызыгынан 0,02га жерин, саркындуу сууну сактоочу жайын курууга Талас шаарынын мериясына 6,0га жерин "Запастагы жерлер" категориясынын жайыт жерлер түрүнөн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынын башка жерлер (курулуш алдындагы) жерлерге которууга (трансформациялоого) мыйзамдын чегинде макулдук берилсин.

2.Жерлерди бир категориядан башкасына же чарба жерлеринин башка түрүнө которуу жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо менен байланышкан иштерди каржылоо, арыз ээсинин жеке каражатынын эсебинен жүргүзүлсүн.

3.Жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык, которуу боюнча тиешелүү корутундуларды алуу үчүн иш-кагаздарды жана Талас райондук жер комиссиясына сунушту даярдоо жагы Кең-Кол айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Сакеевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.М.Джусупбеков**